| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САДЫР<br>АКЕ АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын**
**XXVIII чакырылышындагы кезектеги III сессиясы**

# ТОКТОМ

**03. 08. 2021ж №___8___** **Григорьевка а.**

**2017-жылдын 12 майындагы № 18 «Садыр аке айыл аймагынын Турак-жай коммуналдык чарба жана жашоо тиричиликти камсыздоо тутумунун жумуш акыларын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Садыр аке айыл аймагынын Турак-жай коммуналдык чарба жана жашоо тиричиликти камсыздоо тутумунун жумуш акыларын бекитүү жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап Эл депутаттарынын Садыр аке айылдык Кеңешинин 28–чакырылышынын кезектеги үчүнчү сессиясы **токтом кылат:**

1. Садыр аке айыл аймагынын Турак-жай коммуналдык чарба жана жашоо тиричиликти камсыздоо тутумунун жумуш акылары төмөндөгүдөй бекитилсин:
    1. Айыл тургундарынан таза сууга-ар бир адамдан бир айга -10 сом.
    2. Коомдук тамактануу жайлардан (кафе), чач-тарач, коомдук мончо, ар бир мекеме ишкана менчигине карабастан -бир айга 200 сом.
    3. Үйгө суу киргизүүгө уруксаат алуу-1600 сом
    4. Ташташтанды ташып чыгаруу ар бир үйдөн айына-50 сом
    5. Коомдук мончолордун септиги жок, саркынды суу арыктарга куюлуп жатса- айып (штраф)-2000 сом
    6. Таза сууну максатсыз пайдаланса-айып -2000 сом
    7. Таштандыны мыйзамсыз жерлерге төгүү (арык, жолдун жээги, муниципалдык жерлерге ж.б.)- айып-2000 сом.
    8. Көчөгө малдын кыгын (навоз), курулуш материалдарын (кум, таш, топурак ж.б.) төккөндөргө-айып 2000 сом.
    9. Көчөгө, арыктын жээктерине мал сою-айып -2000 сом

2. Ар бир үйдүн эшигинин алдында жаткан курулуш материалдары (таш, кум, топурак ж.б.), эгерде курулуш иштери жүрүп жатса 1 айлык убакытка уруксаат берилсин, убактысы аяктаганда үйүнө киргизүү же ташып чыгаруу үй ээсине милдеттендирилсин. Эгерде үй ээси мөөнөтү келгенде тазалап чыгарбасы, ЖКХ мекемесинин кызматкерлери жогоруда көрсөтүлгөн материалдарды жүктөп кетүүгө милдеттүү экендиги маалымдалсын.

3.Облустук Юстиция башкармалыгынан ушул токтомду Мамлекеттик реестрге киргизип берүү жагы суралсын

4.Бул токтомдун аткарылышы Турак жай коммуналдык чарба жана жашоо-тиричиликти камсыздоо тутумунун жетекчиси Э.Чечкенбаевге жана эсепчиси Н.Баялиевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А. Бозунбаев**

Жиберилди: айыл өкмөткө-1, Облюстицияга-1, иш кагазына-1, ЖКХ-1

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>САДЫР АКЕ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

**Эл депутаттарынын Садыр аке айылдык кеңешинин XVIII чакырылышынын кезектеги 3 сессиясы**

**Токтом**

**2021-жылдын август айынын 3 №12** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл аймагынын 2022-жылга карата жергиликтүү бюджеттин долбоорун бекитүү жана 2023-2024-жылга болжолдуу долбоору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик кодексинин” 78-беренесинин 2-пукнтуна ылайык, Садыр аке айыл аймагынын 2022-жылга карата жергиликтүү бюджетинин долбоорун карап, талкуулап чыгып Садыр аке айылдык кеңеши **токтом кылат: Григорьевка**

**1.** Садыр аке айыл аймагынын 2022-жылга карата жергиликтүү бюджетинин көлөмү кирешелер жана чыгашалар боюнча 9130,8 (тогуз миллион жүз отуз үч миң сегиз жүз) миң сом өлчөмүндө анынын ичинен:
- теңдештирүүчүгрант 2087,7 (эки миллион сексен жети миң жети жүз) миң сом
- атайын каражат эсеби 1100,0 (бир миллион бир жүз миң) сом өлчөмдө өзгөртүүлөрү жана толкутоолору менен бекитилсин.

**2.** Садыр аке айыл аймагынын 2023-жылга карата жергиликтүү бюджет кирешелер жана чыгашалыр боюнча 9241,5 миң сом (тогуз миллион эки жүз кырк бир миң беш жүз сом) өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

**3.** Садыр аке айыл аймагынын 2024-жылга карата 9310,3 миң сом (тогуз милиион үч жүз он миң үч жүз сом) өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

**4.** Жыл ичинде акча-каражаттын сарпталышы бекитилген бюджет боюнча жүргүзүлсүн.

**5.** Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

**6.** Токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозалиевке жана ФЭБнун башчысы Н.Сыдыковага милдеттендирилсин.

**7.** Токтомду көзөмөлгө алуу жагы “Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто жана бизнести өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А. Бозунбаев**

Жиберилди: иш кагаздарына-1, эсеп бөлүмүнө-1, Обл Юст.башк-1.